**КЫРГЫЗ ТИЛИ** **5-Класс** **Вариант D**

Окуучунун аты -жөнү ______________________________классы_____

**1-бөлүм. Тест тапшырмаларынын саны – 15**

Бул бөлүм **жооптордунун ичинен 1 гана туура жоопту** белгилей турган тест тапшырмалардан турат. Ар бир тапшырмага жооптун 3, же 4 варианты берилген. Алардын ичинен бир гана жооп туура. Тандаган жоопту тегеректегиле.

**№1. Кептин түрүн белгилегиле.**

Айылга, мектепке жаңы эжеке келди. Жап жаш. Ай чырайы келишкен.

а) баяндоо б) сүрөттөө в) ой жүгүртүү

**№2. Кептин түрүн белгилегиле.**

.... анда беш алты жаштамын. Тестиер курагым. Айлана чөйрөгө балалык аруу сезим-туйгу менен аңдап жаткан мезгилим эле.

а) сүрөттөө б) баяндоо в) ой жүгүртүү

**№3. Кептин түрүн белгилегиле.**

Күндөн күнгө шаардын «паразиттери» өсүүдө башкача айтканда атмосферага, сууга зыяндуу заттар чыгып булгоодо. Бул ачуу чындык баарыбызга белгилүү. Шаардагы зыяндуу таасирлерди азайтуу туура жолго коюлбаса, адамдар өз кылган катачылыктарыбызга өзүбүз өкүнүп калбагандай болуш керек. Ошондуктан шаардын ландшафттын туура пландаштыруу бүгүнкү күндүн талабы.

а) баяндоо б) сүрөттөө в) ой жүгүртүү

**№4. Иш кагаздын аталышын белгилегиле.**

Жанай Акылбеков аталган мектепте 2010-жылдан бери эмгектенет. Ал өз ишине жоопкерчиликтүү.

**а)** акт б) мүнөздөмө в) баяндама г) арыз

**№5. Иш кагаздын аталышын белгилегиле.**

Мен, Чакиев Марат, «Ак алтын» ишканасынын кампасынан бир айга пайдалануу үчүн 10 (он) күрөк, 10 (он) тырмак, 2 (бир) ширетүүчү аппарат алдым.

а) маалымдама б) тил кат в) ишеним кат г) арыз

**№6. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн белгилегиле.**

**Мурда кыргыз элинин борборлошкон өкмөтү болгон эмес.**

**а)** борборлошкон, эмес б) мурда, болгон эмес

в) кыргыздын, өкмөтү г) өкмөтү, болгон эмес

**№7. Берилген тартиптеги сүйлөмдү белгилегиле.**

**Толуктооч бышыктооч ээ баяндооч**

**а)** Калыс уулу менен туруптур. б) Жоопко баары туура келди.

в) Мени ичте уулум күтүп калды. г) Бүгүн эрте кетишибиз керек.

**№8. Бир өңчөй ээ катышкан сүйлөмдү белгилегиле.**

а) Көчөдө да, үйдө да тартиптүү болгула.

б) Токтогул ырды да, күүнү да жаза билген.

в) Кыздар сылык, адептүү болушса экен.

г) Сайкал, Асек, Айжан жакын жашашат.

**№9. Жайылма сүйлөмдү белгилегиле.**

а) Кыздар, балдар ойношту. б) Биз окудук, жаздык.

в) Силер чарчаптырсыңар. г) Сен концертке кечикпе.

**№10. Каратма сөз катышкан сүйлөмдү белгиле.**

а) Жол барып-барып айрылып кетет.

б) Жол салынып бүтүп калды, билинбей.

в) Жол карайын, токтой турчу, Ата Журт!

г) Жол азабы курусун, биз чаалыктык.

**№11. Берилген сүйлөмдөгү бөтөн сөздү белгилегиле.**
**Ошентип, жомокто кемпир чалды каргайт дейт: «Жок дегенде оңбогур, бир тепши сурап албапсың!»**

а) «Ошентип, жомокто кемпир чалды каргайт дейт»
б) «чалды кемпир каргайт дейт»
в) «Жок дегенде оңбогур, бир тепши сурап албапсың!»
г) «кемпир чалды оңбогур дейт»

## ОКУУ ЖАНА ТҮШҮНҮҮ
### 2-бөлүм. Тест тапшырмаларынын саны – 9

**Тексттерди окуп чыгып, төмөндөгү суроолорго жооп бергиле.**

Мүнүшкөр - куштарды таптап, аңдарга сала турган киши. Куш таптоонун түрү куштун кичине-чоңуна, алгырлыгына байланыштуу айырмаланат. Алгыр куштар бүркүт, туйгун, тынар, ителги, кыргый деп бөлүнөт. Куштардын мыктысы туйгун болот. Ал өтө кыраан, амалкөй, ылдам учкан куш болот. Ал учканда өрдөк, кекилик, улар, чил сыяктуу канаттуулар ошол аймакта учпай, коркуп жашынып калышат. Куштар коён, суур, карышкыр, түлкү сыяктуу жандыктарды да алат.

Куштарды балапан кезинде таптаган жакшы. Чоңойгон кушту таптаса, алар 2-3 айдан кийин эле качып кетип, кайтып келишпейт. Куштун баары эле жакшы чыга бербейт, бирөөсү жалкоо, бирөөсү таарынчаак болот. Кээ бири адамга аябай жакын болот, таштасаң да ээрчийт.

Куштар сентябрдан февраль айына чейин гана аңга салынат. Аңчылыктан жолуң болбой калган күндөр да болот. Куш 1 эле кекилик кармаса аны кушка бересиң. Бербей койсоң куш кийинкисинде аңды куубай коёт. Алган нерсеси менен кушту ажыратуу оңой эмес. Куш аң алганда барып жулуп алсаң, кийин ал куш аң алганда киши көрбөгөн жакка бекинип же көтөрүп качып кетет. Алар жалаң гана эт жейт. Аңчылыкка чыгарда түнү менен уктатпай, тамак бербей, өзүң да уктабай отурасың. Уктабаган, ачка куш каардуу болот да, ала турган нерсесин көпкө узатпайт. Мүнүшкөрдүн көзү, кулагы, буту жакшы иштеш керек. Себеби куштар алган нерсесин тоонун аркы бетине алып кетсе, артынан барышың керек. (200 сөз)

**№12. Куш таптоо эмнеге жараша болот?**

а) тез уча алганына, кыраандыгына
б) жалкоолугуна, таарынчаактыгына
в) чоңойгондо таптаганга, анын мүнөзүнө
г) куштун көлөмүнө, анын алгырлыгына

**№13. Куштарга да таандык мүнөздөмөнү белгилегиле**.

а) алгыр, каардуу
б) ылдам, кыраан
в) ээрчиме, коркок
г) жалкоо, таарынчак

**№14. Мүнүшкөргө кандай талаптар коюлат?**

а) Мүнөзүнө жараша кушту таптоо, кушту кармаган аңдын эт менен сыйлоо
б) Куш менен түнү бою уктабай ачка чыгуу, аңды куштан тез жулуп албоо
в) Куштарды айырмалай билүү, аларды балапан кезинен туура тарбия берүү
г) Буттун жакшы иштеши, көздүн жакшы көрүшү, кулактын жакшы угушу

**№15. Кушту аңчылыкка чыгарда кандай даярдашат?**
**Жообун жазгыла:**_______________________________________________

_______________________________________________________________

**№16. Кушка алганынан эмне максатта жедирет?.**
**Жообун жазгыла:**_______________________________________________

_______________________________________________________________

_______________________________________________________________

**Текстти окуп чыккыла.**

### Кимиси сабаттуу

Айжан менен Гүлжан экөө үчүнчү класста окушат. Алар тууган болушат, аталары бир туугандар. Алар шаардагы мектепке автобус менен катташат, анткени алар шаардын четиндеги айылда турушат. Азыр алар автобуска түшүп, сабакка жөнөштү. Кыздар автобустун бош

орундуктарына катар отурушту. Орундуктардын маңдайында: «Балдар үчүн орундар» деп жазылган. Алар отургандан кийин, автобуста бош орун калган жок.

Айдоочу автобусун аялдамадан токтотуп, бир жаш жигит менен чоң энени салып, андан ары жүрүп кетти. Чоң эне кирип эле отурууга орундук издей баштады. Чоң эне кыздар отурган жерге басып келе жаткан.

- Сиз кайда келатасыз, чоң эне! Бул орундар балдар үчүн деп турбайбы, - деп тыпылдады Гүлжан.

Айжан уялып кетти. Ал ордунан тура калды. Өз ордун бошотуу үчүн Гүлжанды дагы тургузду.

Айжан: - Келиңиз, биякка, отуруңуз. Кечирип коюңузчу, Гүлжан эмдигиче тамга тааный элек, сабатсыз дей салды. Ошентип, чоң энени отургузуп андан ары жөнөштү. Мектепке жеткенде кыздар автобустан түшүп калышты. Гүлжан Айжанды токтотуп: «Сен окуганды билбейсиңби?» деп таң кала сурады.

"Жок, мен окуганды билем. А сен, кичүүлөр улууну сыйлаш керек экенин унутуп калган жоксуңбу!" - деп сурады Айжан жылмая.

**Тапшырмаларды аткаргыла.**

**№16. Кыздар кайда баратышкан эле?**

А) айылга, үйгө Б) автобуска, отурганы

В) аялдамага, мектепке Г) шаарга, сабакка

**№18. Эмнеге Айжан уялды?**

А) автобуска акыркы түшкөн жүргүнчүлөргө

Б) орундуктун маңдайында илинип турган жазууларга

Г) эмдигиче окуганды биле элек экенине

В) чоң энеге орундук бошотуп бербеген курбусуна

**№19. Айжан чоң энеден кандай кечирим сурады?**

**Жообун жазгыла.**________________________________________

________________________________________________________

________________________________________________________

**№20. Автобуста кандай жазуулар бар эле?**

**Жообун жазгыла.**________________________________________

________________________________________________________

________________________________________________________

________________________________________________________